**Англис филологиясы кафедрасынын 2023-жылдын 11-мартында өткөрүлгөн отуруму**

**№6 протокол**

Катышкандар: баары

Күн тартибинде:

5. Ар түрдүү маселелер.

5.1.Англис филологиясы кафедрасы тарабынан уюштурулган 3-курста окуган студенттердин ата-энелери менен жолугушуу. Стейкхолдерлердин НББП боюнча сунуш-пикирлери.

Угулду:

Кафедра башчысы, ф.и.к., доцент Т.Б.Кабылов сөзгө чыгып, ата-энелер менен жолугушуу уюштуруунун негизги максатын билдирип өттү. Анда, 3-курстун студенттери толук бир жылдан соң эмгек жолуна аттанганы турушат. Бүгүнкү иш-чарабызда сиздер балдарыңыздардын ар тараптуу жетишкендиктери менен тааныша аласыздар. Мында факультеттин бүгүнкү күндөгү жетишкендиги жөнүндө видеоролик, филология багытындагы бакалаврда окуп жаткан студенттер боюнча студенттердин презентациялары камтылган. Студенттер да өздөрү даярдаган маалыматтарды бөлүшүп, мобилдүүлүк программасы боюнча катышып келгендер кызыктуу презентацияларды жасашты.

Окууда мыкты ийгиликтерди жаратып, мыкты жүрүм-турумдары айырмаланган студенттерге факультеттин деканаттын атынан ардак громаталар берилди. Мейман катары чакырылган ата-энелер да факультеттин жетекчилигине, ОП курамга студенттерди ушундай ийгиликтерге жеткирип даярдашкандыгына ыраазычылыктарын билдирип, жылуу сөздөрүн айтышты. Ошону менен бирге эле, кээ бир ата-энелер студенттерге дистанттык форматта болсо да ийгиликтүү билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ кылуучу предметтерди ачуу тууралуу сунуштарын билдиришти. Мындан сырткары жаңы технологияларды пайдалануу боюнча пикирлерин айтышты.

ТОКТОМ:

1. Ата-энелер менен жолугушуунун натыйжасында, алардын берген сунуштарын эске алып, кийинки 2023-24-окуу жылында 2-курстар үчүн “Окуутудагы инновациялык технологияларды колдонуу” предмети тандоо катары сунушталсын.

Төрага: ф.и.к., доцент Кабылов Т.Б.

Катчы: Бактыбек к.Н.

Scanned with CamScanner